<table>
<tr><td rowspan="3"><u>Q-2023-0002-002</u><br>(Документтин шифри)<br>______________<br>(Беттин саны)<br>______________<br>(Бекитилген датасы)</td><td>Ош мамлекеттик университети</td></tr>
<tr><td>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ</td></tr>
<tr><td>ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобо</td></tr>
</table>

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Г.Кожобеков

____________________

____________________

# ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобо

2024-жыл

| **Q-2023-0002-002**<br>*(документтин шифри)*<br>________<br>*(беттин саны)*<br>________<br>*(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети<br>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ<br>**ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобо** |
|---|---|

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| Документтин аталышы | **ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобо** |
|---|---|
| Документтин теги | ОшМУнун Сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Түзүүчүлөр | 1. Омуров Н.К. – ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору<br>2. Артыкова Ж.А. – Билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу департаментинин директору<br>3. Станбаев О.Т. – Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директору<br>4. Атабаев И.Н. – Базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын башчысы<br>5. Ромашев К.А. – Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директору<br>6. Умурбекова Т.А. – Психология кафедрасынын доценти<br>7. Султанова К.Дж. – Аккредитация жана лицензиялоо секторунун башчысы<br>8. Болотакунова Г.Ж. – орус филологиясы факультетинин факультеттер аралык орус тилинин практикалык курсу кафедрасынын доценти<br>9. Жутанова Г. – Педагогика кафедрасынын башчысы<br>10. Молдалиев Ж.Т. – Жалпы кллиникалык биохимия жана потофизиология кафедрасынын доценти<br>11. Каразакова З. – факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасы башчысы<br>12. Папиева Т.М. – Академиялык иштер башкармалыгын башкы адиси<br>13. Асилбек кызы Ж. – Финансы жана банк иши ПЦКнын окутуучусу<br>14. Жообасарова Д. Ж. – №2 Ички оорулар кафедрасынын улук окутуучусу |
| Бекитилген күнү | |
| Документтин шифры | Q-2023-0002-002 |

| | |
|---|---|
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУда көрсөтүлгөн адистик же даярдоо багыты боюнча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун, бекитүүнүн, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүүнүн жол-жоболорун, тартибин аныктап турат. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

**ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| Жалпы жоболор | 4-бет |
| **Ченемдик-укуктук негиздер** | 4-бет |
| Терминдер, аныктамалар, кыскартуулар | 4-бет |
| Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун, бекитүүнүн тартиби | 9-бет |
| Учурдагы билим берүү стандарттарына өзгөртүү киргизүү тартиби | 12-бет |
| Билим берүү стандартынын мазмунуна талаптар | 12-бет |
| Билим берүү стандарттарын башкаруу системасы | 13-бет |
| Жоопкерчилик жана укук | 14-бет |
| Билим берүү стандарттарынын реестри | 14-бет |
| Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби | 15-бет |
| Тиркемелер | 16-бет |

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Ош мамлекеттик университетинде билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндөгү жобо (мындан ары - Жобо) Ош мамлекеттик университетинде (мындан ары - Университет) баштапкы, орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандарттарын (мындан ары - билим берүү стандарттары) иштеп чыгуунун, бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартибин аныктайт.

**1.2. Ченемдик-укуктук негиздер**

ОшМУда көрсөтүлгөн адистик же даярдоо багыты боюнча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” 2024-жылдын 5-февралындагы №45 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдоруна, КРдин 2023-жылдын 22-июнунда кабыл алынган “Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган “Билим берүү жөнүндө” мыйзамдарына, Ош мамлекеттик университетинин “Окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө” жоболордун жана ушул Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

**1.3. Терминдер, аныктамалар, кыскартуулар**

Жободо төмөнкүдөй негизги терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**бакалавр -** магистратурага тапшыруу жана кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн укук берүүчү кесиптик жогорку билимдин квалификациясынын деңгээли;

**кесиптик жогорку билим берүү -** бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди тийиштүү билим берүү программалары жана стандарттары боюнча даярдоого жана кайра даярдоого багытталган билим берүү деңгээли;

**мамлекеттик билим берүү стандарты -** окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу билим берүү программасынын минимум мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоого базалык талаптарды аныктоочу формалдык билим берүүнүн талаптарынын коомдук макулдашылган жыйындысы;

**жекече окуу планы -** конкреттүү билим алуучунун өзгөчөлүктөрүн жана билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен билим берүү программасынын мазмунун жекелештирүүнүн негизинде аны өздөштүрүүнү камсыз кылуучу окуу планы;

**билим берүүнүн сапаты** - социалдык жана инсандык күтүүлөргө, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кесиптик стандарттарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык билим берүү программаларына шайкештик даражасын чагылдыруучу билим берүү тутумунун, билим берүү уюмунун жана билим алуучунун билим алуудагы жекече жетишкендиктеринин комплекстүү мүнөздөмөсү;

**компетенттүүлүк** - адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык жана кесиптик) билимдин жана көндүмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга интеграцияланган жөндөмдүүлүгү;

**компетенция** - билим алып жаткандарды белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу өнүмдүү иши үчүн зарыл болгон билим берүүгө даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);

**магистр** - аспирантурага (адъюнктурага) жана (же) базалык докторантурага (PhD/профиль боюнча) өтүү жана кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн укук берүүчү кесиптик жогорку билим берүү квалификациясынын деңгээли;

**квалификациялардын улуттук алкагы** - улуттук квалификациялык тутумчаларды интеграциялоого жана координациялоого, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыз кылууга багытталган жана квалификациянын ылайыктуулугун тастыктоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуп саналган критерийлердин топтомуна ылайык квалификациялардын деңгээлдеринин түзүмдөлгөн сыпаттамасы;

**квалификациялардын улуттук системасы** - өзүнө квалификациялык улуттук алкакты, тармактык/сектордук квалификациялык алкактарды, кесиптик жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана аларды таануу жол-жоболорун, билим берүү уюмдарынын квалификацияларын жана программаларын баалоо системаларын камтуучу билим берүү чөйрөлөрүнүн жана эмгек рыногунун өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү механизмдердин жыйындысы;

**кесиптик башталгыч билим берүү** - негизги же орто жалпы билим берүү базасында квалификациялуу эмгек кызматкерлерин коомдук-пайдалуу иштин негизги багыттары боюнча даярдоого багытталган билим берүү деңгээли;

**билим берүү** - адамдын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында жүзөгө ашырылуучу окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү максаттуу процесси, ошондой эле алынган билимдердин, көндүмдөрдүн, баалуулуктардын жана компетенциялардын жыйындысы;

**туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү** - жашоо сапатын жогорулатуу үчүн бардык болгон ресурстарды натыйжалуу жана жоопкерчиликтүү пайдалануунун негизинде социалдык, экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүү жана алдын алуу үчүн билим алып жаткандардын билимдерди, көндүмдөрдү жана компетенттүүлүктөрдү алуусуна багытталган билим берүү;

**билим берүү программасы** - конкреттүү деңгээлдин же адистиктин максатын, милдетин, пландалган жыйынтыктарын, билим берүү процессин уюштурууну аныктоочу конкреттүү деңгээлдеги билим берүүнүн, багыттын же адистиктин мазмуну;

**билим берүү иши** - билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүк;

**билим алуучулардын окуудагы жетишкендиктери** - билим берүүнүн аныкталган жаатында билимдин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана компетенциялардын деңгээлин аныктоо үчүн тесттердин жана баалоонун башка жол-жоболорунун жардамы менен өлчөнүүчү билим берүү программаларын билим алуучулардын өздөштүрүүсүнүн натыйжалары;

**билим берүү боюнча кызмат көрсөтүү** - билим берүү муктаждыктарын канааттандыруу максатында билим берүүгө жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган иш-аракеттер;

**билим берүү процесси** - билим берүү программаларынын мазмунун билим алуучулар өздөштүрүү максатында окутууну, тарбиялоону жана өнүктүрүүнү уюштуруу системасы;

**билим алуучу** - билим берүүнүн бардык деңгээлинде билим берүү программасын өздөштүрүүчү адам;

**жумуш ордунда окутуу** - милдеттүү түрдө практикалык окутуу жана кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө, ошондой эле билим берүү уюмунун өндүрүштүк бөлүмдөрүндө/комплекстеринде жана (же) ишканалардын/уюмдардын базасында иш тажрыйбасына ээ болуу менен билим берүү уюмунда билим алып жаткандар тарабынан жалпы жана кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү алуусуна багытталган кадрларды даярдоо системасы;

**билим берүү стратегиясы (билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы)** - билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын жана принциптерин бүтүн социалдык институт катары аныктоо;

**өзгөчө билим берүү муктаждыктары** - билим алуучунун керектөөлөрүн канааттандырууда атайын шарттарды жана чөйрөнү түзүү, анын максималдуу мүмкүн болгон өнүгүүсү жана билим алуусу үчүн атайын билим берүү кызматтарын көрсөтүү менен атайын билим берүү технологияларын пайдалануу талап кылынган билим алуучунун керектөөлөрү;

**квалификациялардын тармактык/сектордук алкактары** - аныкталган тармактагы (сектордогу) квалификациялардын мазмундарынын деңгээлдери боюнча системалык жана түзүмдөштүрүлгөн сүрөттөмөсү;

**педагогикалык кызматкер** - тиешелүү кесиптик билими жана квалификациясы бар, билим берүү уюмунда иштеп жаткан, окутуу, тарбиялоо, методикалык, уюштуруучулук, илимий, жетекчилик жана башка билим берүү ишин жүзөгө ашыруучу жеке адам;

**жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү** - кесиптик жогорку билим берүүнүн базасында билим деңгээлин, илимий, педагогикалык квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө багытталган билим берүү деңгээли;

**билим берүү уюмун өнүктүрүү программасы** - билим берүү уюмунун жетекчиси кызмат ордуна талапкердин билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, билим алуучулардын билим алууда жана башка жетишкендиктерин өстүрүү, инклюзивдик билим берүү принцибин сактоо, билим берүү уюмунун жергиликтүү коомдоштук менен өз ара аракеттенүү, институционалдык жана финансылык туруктуулукка, айкындуулукка жана отчеттуулукка жетишүү боюнча талапкердин иш-аракеттер планын (аткаруунун жана мөөнөттөрдүн

индикаторлорун көрсөтүү менен), ошондой эле бул билим берүү уюмун өнүктүрүүгө багытталган кандай болбосун башка иш-аракеттерин көрсөтүүчү программасы;

**кесиптик жактан өнүгүү** - кесиптик билим берүү, квалификацияны жогорулатуу жана жеке билим берүү муктаждыктарын ишке ашыруу аркылуу жүзөгө ашырылуучу калыптануу жана кесиптик жактан өсүү процесси;

**кесиптик стандарт** - кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жүзөгө ашыруу жана белгилүү бир эмгек функциясын аткаруу үчүн керектүү квалификациянын мүнөздөмөсү;

**билим берүү системасы** - билим алууга конституциялык укукту ишке ашырууга жана сапаттуу билим берүүгө жетишүүгө багытталган уюмдардын, мамлекеттин саясатынын жана чараларынын өз ара аракеттенүүсүн кепилдеген бүтүн, комплекстүү, интеграцияланган система;

**адис** - магистратурага, аспирантурага (адъюнктурага) жана/же базалык докторантурага (PhD/профиль боюнча) тапшыруу жана кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн укук берүүчү кесиптик жогорку билимдин квалификациясынын деңгээли;

**атайын билим берүү** - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды атайын же билим берүү уюмдарында окутуу;

**кесиптик орто билим берүү** - негизги, орто жалпы же кесиптик башталгыч билим берүүнүн базасында билим алуучулардын аныкталган адистик (багыт) боюнча кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү жана жеке компетенцияларды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу, даярдоого багытталган билим берүүнүн деңгээли;

**квалификациянын деңгээли** - кызматкерлердин компетенцияларына карата квалификациялык алкактарда белгиленген жана сыпатталган талаптардын жыйындысы;

**билим берүү деңгээли** - талаптардын белгилүү бир бирдиктүү жыйындысы менен мүнөздөлгөн билим берүүнүн аяктаган цикли;

**билим берүү процессинин катышуучулары** - билим алып жаткандар, педагогикалык кызматкерлер, билим берүү уюмдарынын окутуучу-көмөкчү жана башкаруу персоналы, билим алып жаткандардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), иш берүүчүлөр, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун өкүлдөрү;

**окуу-өндүрүштүк комплекс** - бул билим алып жаткандар реалдуулукка жакындатылган өндүрүштүк милдеттерди түздөн-түз аткаруу, кызматтарды көрсөтүү жана товарларды сатуу менен алган билимдерин жана көндүмдөрүн анда иш жүзүндө колдоно ала турган, ар кандай уюштуруу-укуктук формадагы статусу бар билим берүү уюмдарынын базасында түзүлүүчү түзүм;

**окуу планы** - билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги окуу сабактарынын (предметтеринин) тизмегин жана көлөмүн, аларды окуп үйрөнүү тартибин жана контролдоо формаларын регламенттөөчү документ;

**университет тарабынан бекитилген билим берүү стандарты** - ушул жобого ылайык университет тарабынан бекитилген окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу билим берүү программасынын минимум мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоого базалык талаптарды аныктоочу формалдык билим берүүнүн талаптарынын коллегиалдуу макулдашылган жыйындысы;

**негизги (кесиптик) билим берүү программасы** (Н/КББП) - көрсөтүлгөн багыт боюнча окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессии ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын баалоону белгилеп турган билим берүү программасынын мазмуну, комплекси. Мазмунга коюлган минималдык талап боюнча мазмунунда жалпы жоболорду, максаттарды, окутуудан кутүлүүчү натыйжаларды, базалык окуу планын, компетенцияларды, базалык окуу планындагы дисциплиналардын программасынын аннотациясын, практикалардын программасынын аннотациясын, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга карата талаптарды кармап турат.

**даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

**профиль** – негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;

**окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

**кесиптик ишмердүүлүк** - эмгек бөлүштүрүүнүн алкагында жүзөгө ашырылуучу атайын кесиптик даярдыкты (атайын теориялык билимдердин, практикалык көндүмдөрдүн негизинде калыптанган кесиптик даярдык) талап кылган жана киреше алып келүүчү эмгек ишмердүүлүгү;

**кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү** - илимий, социалдык, экономикалык, өндүрүштүк багыттардагы кесиптик иш объектилеринин жыйындысы;

**кесиптик иш чөйрөсү** - кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү объектилеринин жыйындысы менен мүнөздөлгөн кесиптик ишмердиктин түрлөрүн камтыган кесиптик иш чөйрөсүнүн сегменти же кесиптик ишмердүүлүктүн чектеш чөйрөлөрү;

**кесиптик ишмердүүлүктүн түрү** - кесиптик ишмердиктин предметинин спецификасы менен аныкталган кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрү;

**кесиптик стандарт** - кызматкерге кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жүргүзүү үчүн зарыл болгон квалификациялардын мүнөздөмөсү;

**компетенттүүлүккө жетишүү көрсөткүчтөрү** - билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчүнүн аткарган конкреттүү иш-аракеттери түрүндөгү компетенттүүлүктүн формулировкасын тактоочу жана ачып берүүчү жалпыланган мүнөздөмөлөр; компетенттүүлүккө жетишүүнүн көрсөткүчтөрү билим берүү процессинде болгон каражаттардын жардамы менен өлчөнөт;

**окуу процессин ишке ашыруу үчүн шарттар** – билим берүү процессин материалдык-техникалык, окуу-методикалык, маалыматтык, финансылык жана социалдык жактан колдоо.

## 2. Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун, бекитүүнүн тартиби

2.1. Билим берүү стандарттары университеттин окуу түзүмдүк бөлүмдөрүндө (кафедра, предметтик циклдик комиссия, бөлүм (жогорку мектеп моделинде)) билим берүү ишмердиги жүргүзүлүүчү адистиктерге жана даярдоонун багыттарына иштелип чыгат.

2.2. Билим берүү стандарттарын иштеп чыгууда төмөнкү принциптер эске алынат:

- адистиктер жана даярдоо багыттары боюнча билим берүү стандарттары тиешелүү кесиптик стандарттардын, квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын улуттук системасынын, Дублин дескрипторлорунун, мамлекеттин кесиптик билим берүү саясатынын, эмгек базарынын, туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен иштелип чыгат;

- бул жобого ылайык университет тарабынан кабыл алынган билим берүү стандарттары мамлекеттик билим берүү стандартына теңдеш деп белгиленет;

- негизги (кесиптик) билим берүү программаларынын мазмунуна, түзүмүнө, окутуунун натыйжаларына, ошондой эле аларды ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар тиешелүү билим берүү стандартында белгиленген талаптардан төмөн болбойт;

- окутуунун формалары тиешелүү билим берүү стандартында көрсөтүлгөн окутуу формаларына карама-каршы келбейт;

- билим берүүнүн мазмунуна, түзүмүнө жана ишке ашыруу шарттарына талаптар орто кесиптик адистерди, бакалаврларды, адистерди, магистранттарды, аспиранттарды даярдоонун алдыңкы дүйнөлүк жана ата мекендик тажрыйбасын эске алуу менен, анын ичинде жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн перспективаларын болжолдоону эске алуу менен иштелип чыгат;

- билим берүүнү ишке ашыруу шарттары университеттин окуу, илимий, практикалык, өндүрүштүк базасын, илимий мектептерин, институттарын, ошондой эле алдыңкы кыргызстандык жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, бизнес секторлору, мамлекеттик мекемелер, илимий-изилдөө институттары менен өз ара аракеттенүүсүн чагылдырууга тийиш;

- билим берүүнүн мазмуну, түзүмү жана ишке ашыруу шарттары иш берүүчүлөрдү тартуу жолу менен билим берүү программаларынын илимий-практикалык багытын жана экономиканын, өндүрүштүн реалдуу сектору менен байланышын күчөтүүгө тийиш;

- билим берүүнүн натыйжалары коомдун, мамлекеттин, эл аралык коомчулуктун жалпы инсандык жана кесиптик талаптарына жооп берген бүтүрүүчүлөрдү даярдоо боюнча социалдык буйрутманын аткарылышын камсыз кылууга тийиш;

2.3. Билим берүү стандартынын мазмунуна талаптар:

- Анык бир адистик же даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчүнүн моделин мүнөздөгөн билим берүүнүн максаттарын, милдеттерин, мазмунун аныктайт.

- Бүтүндүгү жана ырааттуулугу: билим берүү стандарттары билим берүү деңгээлдери (баштапкы, орто кесиптик, бакалавриат, магистратура, аспирантура, PhD докторантура) боюнча окууну, билимдерди жана көндүмдөрдү андан ары өнүктүрүүнүн, тереңдетүүнүн бүтүндүгүн жана ырааттуулугун камсыздайт.

- Эмгек рыногунун керектөөлөрүнө багытталуусу: бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү карьерасы жана эмгек базарынын суроо-талаптарына ылайык болуусу үчүн билим берүү стандарттары эмгек рыногунун жана өндүрүштүн заманбап талаптарын чагылдырышы керек.

- Актуалдуулук жана инновация: билим берүү актуалдуу, маанилүү маалыматтарга, инновациялык технологияларга, алдыңкы тажрыйбаларга негизделиши үчүн билим берүү стандарттарында билимдин, илимдин жана технологиянын акыркы тенденциялары, жетишкендиктери эске алынышы керек.

- Ийкемдүүлүк жана ыңгайлашуу: билим берүү стандарттары ийкемдүү жана өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашып, жаңы талаптарга, чакырыктарга, тенденцияларга анын ичинде социалдык-экономикалык чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө, технологиялык прогресске эффективдүү жооп берүүгө мүмкүндүк берүүчү шарттарды университетте жаратууга багытташы керек.

- Ачык-айкындуулук жана өлчөнүүчүлүк: билим алуучулар, окутуучулар жана башка кызыкдар тараптар окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын так түшүнүшү жана алардын жетишкендиктерин натыйжалуу баалай алышы үчүн билим берүү стандарттары так, түшүнүктүү жана өлчөнүүчү болушу керек.

- Кызыкдар тараптардын катышуусу: кеңири колдоо табуусун, ийгиликтүү ишке ашырылышын камсыз кылуу максатында билим берүү стандарттарын иштеп чыгууда студенттердин, окутуучулардын, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, коомчулуктун өкүлдөрүнүн ж.б.у.с. кызыкдар тараптардын көз караштарын, пикирин жана муктаждыктарын эске алуу маанилүү.

- Билим берүү эрежелерине жана ченемдерине ылайык келүү: мамлекетте, эл аралык билим берүү мейкиндигинде колдонулуп жаткан билим берүүнүн ченемдик-укуктук негиздерин, эрежелерин, принциптерин, стандарттарын эске алуу маанилүү.

-Үзгүлтүксүз өркүндөтүү: билим берүү стандарттары сын-пикирлердин, сунуштардын, керектөөчүлөрдүн муктаждыктарын, билим берүүнү ишке ашыруунун натыйжаларын талдоонун негизинде үзгүлтүксүз жаңыртылып, өркүндөтүлүп турушу керек.

2.4. Билим берүүнү ишке ашыруучу окуу түзүмү тарабынан демилгеленген адистик же даярдоо багыты боюнча билим берүү стандартын иштеп чыгуу зарылчылыгын университеттин окуу-усулдук бирикмесинин тиешелүү комитети аныктайт, билим берүү стандартын иштеп чыгуу максатында жумушчу топ түзүүгө макулдугун берет, ректордун буйругу менен жумушчу топ бекитилет.

2.5. Жумушчу топтун курамы белгиленген багыт боюнча алдыңкы илимий-педагогикалык, кесиптик тажрыйбага ээ университеттин, иш берүүчүлөрдүн, илимдин тиешелүү тармактарында иштеген илимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдүн, мамлекеттик

жана коомдук уюмдардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата мекендик жана чет өлкөлүк ЖОЖдордун, башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен түзүлөт.

2.6. Жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан билим берүү стандартынын долбоору төмөнкү кадамдар менен бекитилет.

- 1-кадам. Долбоор тиешелүү окуу түзүмүнүн талкуусуна коюлат, жактырылгандан кийин, иш берүүчүлөрдүн талкуусунан өткөрүүгө сунушталат.
- 2-кадам. Билим берүүнүн багыттары боюнча тиешелүү иш берүүчүлөрдүн талкуусунан өткөрүү үчүн окуу түзүмү тарабынан иш берүүчүлөр менен атайын жыйын өткөрүлөт, протокол менен таризделип, бекитүүгө сунушталат.
- 3-кадам. Түзүмдүн протоколунун, иш берүүчүлөрдүн сунуштамасынын негизинде факультеттин, институттун, жогорку мектептин окумуштуулар кеңешинин, колледждин педагогикалык кеңешинин талкуусуна коюлат, жактырылган долбоор университеттин окуу-усулдук бирикмесинин (ОУБ) координациялык кеңешине билим берүү стандартын бекитүүгө өтүнмө (мындан ары – өтүнмө) иретинде жолдонот. Өтүнмө университеттин атайын санариптик платформасы аркылуу электрондук формада алынат. Өтүнмө берүүдө иштелип чыккан билим берүү стандартынын долбоорунун англис тилиндеги варианты кошо берилет.
- 4-кадам. ОУБ тарабынан билим берүү стандартынын долбоору чет өлкөлүк окуу жайлардан тартылган үч экспертке экспертизадан өткөрүүгө жөнөтүлөт. Эксперттер университет менен түзүлгөн келишимдин негизинде ОУБ тарабынан берилген техникалык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарышат.
- 5-кадам. ОУБ билим берүү стандартынын долбоорун, эксперттердин бүтүмдөрүн тиешелүү тармактык комитетке кароого жөнөтөт. Тиешелүү тармактык комитет эксперттердин бүтүмү менен берилген сунуштардын негизинде долбоордун үстүнөн өркүндөтүү, жакшыртуу иштерин жүргүзүшөт. Эксперттик бүтүмдөрдүн жана ОУБдун тиешелүү тармактык комитетинин бүтүмүнүн негизинде билим берүү стандартынын долбоорун бекитүүгө сунуштоо же сунуштабоо чечимдери кабыл алынат, ОУБдун координациялык кеңешине жолдонот.
- 6-кадам. ОУБдун координациялык кеңеши ушул жобонун талаптарына ылайык процедуралык иш аракеттердин аткарылышын талдайт, жактырылган долбоорду бекитүү сунушун университеттин окумуштуулар кеңешине жолдойт. ОУБдун координациялык кеңеши тарабынан колдоого алынбаган долбоор кайра иштеп чыгууга 1-кадамдан баштап аткарууга сунушталат.
- 7-кадам. Окумуштуулар кеңешинде жактырылган билим берүү стандартынын долбоору ректордун буйругу менен бекитилет. ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын реестрине киргизилет.
- Бардык кадамдардагы талкуу процесси, анын ичинде айтылган сын-пикирлер жана адистердин сунуштары тиешелүү протоколдор менен таризделиши керек.

### 3. Учурдагы билим берүү стандарттарына өзгөртүү киргизүү тартиби

3.1. Университеттин билим берүү стандарттарынын мазмунуна өзгөртүүлөр илим, техника, технология чөйрөсүндөгү заманбап жетишкендиктерге, эмгек рыногунун жаңы талаптарына, экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө, тенденцияларга ылайык келтирүү максатында текстке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү

түрүндө жүргүзүлөт. Билим берүү стандарттарынын мазмунуна кирген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго негиз болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын токтомдору, Мыйзамдар, эл аралык коомчулуктун, иш берүүчүлөрдүн, башка кызыкдар тараптардын суроо-талаптары түрүндө чагылдырылган муктаждыктары эсептелинет.

3.2 Билим берүү стандартына өзгөртүүлөр жана толуктоолор ректордун буйругу менен түзүлгөн жумушчу топ тарабынан ушул жобонун 5-пунктунда каралган билим берүү стандарттарын башкаруу системасына ылайык жүргүзүлөт, даярдалган долбоор ушул жобонун 2.6. пунктунда белгиленген кадамдарга ылайык бекитилет.

3.3. Билим берүү стандарттарын өзгөртүү, толуктоо жана жаңыртуу мөөнөтү билим берүү программасынын окуу мөөнөтүнүн узактыгы менен аныкталат.

**4. Билим берүү стандартынын мазмунуна талаптар**

4.1. Билим берүү стандартынын мазмуну төмөнкүлөрдөн турат:

- Билим берүүнүн жалпы максаттары жана милдеттери: бул билим берүүдө жетишүүгө умтулган жалпы максаттарды, ошондой эле билим алуучулардын билим берүүнүн натыйжаларына жетишүүсүн камсыздаган окуутуудагы негизги милдеттерди аныктайт.
- Академиялык программасы: билим алуунун, адистешүүнүн областын, кесиптик ишмердигинин багыттарын, түрүн мүнөздөгөн, билим берүү деңгээлин (баштапкы, орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки), окуу процессинин структурасын, стандарттык окуу мөөнөтүн көрсөткөн академиялык программанын баяны. Академиялык программада практикалардын түрлөрү, көлөмү, лабораториялык, практикалык ж.б.у. сабактардын түрлөрү, катыштагы өлчөмдөрү, аттестациялар жана билимди текшерүүнүн формалары жөнүндө маалыматтар камтылат.
- Конкреттүү билим берүү максаттары жана компетенциялары: студенттер билим берүү программасын аяктагандан кийин ээ болушу керек болгон конкреттүү билимдер, көндүмдөр жана компетенциялар аныкталат. Жалпы кесиптик, социалдык-личностук компетенцияларды, ошондой эле белгилүү бир чөйрөдөгү атайын кесиптик компетенцияларды камтыйт.
- Окуу дисциплиналарынын мазмуну: ар бир конкреттүү предметтин же окуу курсунун мазмуну, анын ичинде окула турган темалар, колдонулган окутуу ыкмалары жана сунушталган адабияттар баяндалат.
- Окутуу жана баалоо методдору: билим берүү максаттарына, окутуудан күтүлүүчү натыйжаларга жетүү үчүн колдонула турган окутуу ыкмаларын, ошондой эле окуп-үйрөнүүчүлөрдүн окуу-жетишкендиктерин баалоо ыкмаларын аныктайт.
- Инфраструктура жана ресурстар: билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон инфраструктурага, материалдык-техникалык, маалыматтык-технологиялык базага, окуу-усулдук материалдарына жана ресурстарына талаптар, инклюзивдик билим берүүнүн талаптары.
- Кесиптик жана этикалык стандарттар: кесиптик этика талаптарын, студенттердин жана окутуучулардын милдеттерин жана укуктарын, ошондой эле академиялык ак ниеттүүлүк принциптерин камтыйт.

- Сапатты камсыздоо: билим берүү программасынын сапатына мониторинг жүргүзүүнүн механизмдери, инструменттери, ички мониторинг.

4.2. Университеттин окуу-усулдук бирикмесинин (ОУБ) тиешелүү тармактык комитеттери тарабынан өз алдынча билим берүү стандарттарынын макетинин долбоору иштелип чыгарылып, ОУБдун координациялык кеңешинде талкууланып, ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

4.3. Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуучу жумушчу топ каралып жаткан багытка тиешелүү макетке ылайык билим берүү стандарттарын иштеп чыгышат.

4.4. Билим берүү стандарттарынын макеттерин өзгөртүү, толуктоолорду киийрүү чечимдери ОУБдун тиешелүү тармактык комитеттеринин аргументтештирилген сунушунун негизинде ректордун буйругу менен түзүлгөн жумушчу топ аркылуу ушул Жобонун 4.2.-пунктуна ылайык жүргүзүлөт.

**5. Билим берүү стандарттарын башкаруу системасы**

Билим берүү стандарттарын башкаруу системасы - билим берүү түзүмдөрүндө билим берүү стандарттары боюнча билим берүүнү уюштурууга, мониторинг жүргүзүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган иш-чаралардын жана процесстердин жыйындысы.

Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Стандарттарды иштеп чыгуу: билим берүүнүн негизги максаттарын аныктоону, билим алуучуларда талап кылынган компетенцияларды калыптандырууну, ошондой эле билим берүү программаларынын мазмунун жана иштин натыйжалуулугун баалоо критерийлерин белгилөөнү камтыган билим берүү стандарттарын түзүү процесси.

- Ишке ашыруу жана адаптациялоо: бул процесс билим берүү процессине стандарттарды киргизүүнү жана аларды билим берүү түзүмүнүн конкреттүү шарттарына жана керектөөлөрүнө ылайыкташтырууну камтыйт.

- Окутуучулардын квалификациялык даярдыгы: билим берүү стандартынын негизинде билим берүүгө катышкан окутуучунун билим берүү стандартынын талаптарын, билим берүүнүн мазмунун, технологияларын, усулун, баалоо ыкмаларын жана аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка аспектилерди билүүсүн камсыздоочу процесстер.

- Мониторинг жана баалоо: бул этап билим берүүнүн натыйжалуулулугун жана ошондой эле оңдоп-түзөөлөрдүн, толуктоолордун зарылдыгын аныктоо максатында билим берүү стандарттарын ишке ашырууга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү камтыйт.

- Толуктоо, өзгөртүү жана өркүндөтүү: мониторингдин жана кайтарым байланыштын жыйынтыгы боюнча учурдагы талаптарга жооп берүү үчүн билим берүү стандарттарына өркүндөтүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү процесси.

- Документтештирүү: билим берүү стандарттарын башкаруу системасынын маанилүү аспектиси болуп айкындуулукту жана андан кийинки аналитиканы, уланмалуулукту камсыз кылуу үчүн стандарттарды иштеп чыгуунун, ишке ашыруунун, мониторингинин жана өзгөртүүлөрдү кийирүүнүн бардык этаптарын документтештирүү саналат.

Бул системанын максаты коомдун жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык сапаттуу жана натыйжалуу билим берүүнү камсыздоо болуп саналат

**6. Жоопкерчилик жана укук**

6.1. Университеттин билим берүү стандарттарынын өз убагында жана сапаттуу иштелип чыгышы үчүн жоопкерчилик түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисине, билим берүү программасынын жетекчисине, университеттин окуу-усулдук бирикмесинин тиешелүү тармактык комитетинин төрага/төрайымына жүктөлөт.

6.2. Университетте билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу боюнча университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин координациялоо жана мониторинг жүргүзүү университеттин билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти тарабынан ишке ашырылат.

6.3. Бекитилген билим берүү стандарттарынын ушул Жобого ылайык даярдалган документтеринин түп нускасы университеттин билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаментинде тиешелүү эрежеге ылайык сакталат.

6.4. Бекитилген билим берүү стандарттарынын электрондук варианты ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын бирдиктүү реестринде каттоого алынат. Каттоого алуу университеттин билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти тарабынан жүргүзүлөт.

**7. Билим берүү стандарттарынын реестри**

7.1. Ушул жобого ылайык иштелип чыгып, бекитилген билим берүү стандарттары ОшМУда бекитилген билим берүү стандарттарынын реестрине (мындан ары – реестр) киргизилет.

7.2. Реестр бекитилген билим берүү стандарттарынын болушун, ошондой эле алардын укуктук статусун ырастаган бирден-бир расмий булак болуп саналат.

7.3. ОшМУнун билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти тарабынан реестрди түзүү жана жүргүзүүнү кагаз жүзүндө жана ОшМУнун атайын Санариптик реестр платформасы аркылуу электрондук түрдө жүргүзөт.

7.4. Реестрде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:
1) реестрдеги жазуунун номери
2) билим берүү стандартын каттоо номери
3) адистиктин же даярдоо багытынын шифри (шифр жок болсо, шифрсиз деп катталат)
5) адистиктин же даярдоо багытынын аталышы
6) адистиктин же даярдоо багытынын билим берүү деңгээли
7) билим берүү стандартынын бекитилишине негиз документтердин реквизиттери
9) бекитилген дата
10) билим берүү стандартынын мөөнөтү аяктоочу дата
10) кайра бекитилгендигине негиз документтердин реквизиттери

11) кайра бекитилген датасы

**8. Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби**

Ош мамлекеттик университетинде билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндөгү ушул Жобону кабыл алуу чечими университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат, ректордун буйругу менен бекитилет. Зарылдыкка жараша өзгөртүүлөр, толуктоолор окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет. Жобонун мазмунундагы өзгөртүүлөр 30%дан көп болгон учурда ушул Жобо толугу менен жокко чыгарылат.